# Чынында, Аллах Таала күндүзү күнөө кылгандардын тобосун кабыл кылуу үчүн түнү колун созот. Түндө күнөө кылгандардын тобосун кабыл кылуу үчүн күндүзү колун созот. Анын мындай ырайымы күн батыштан чыкканча уланат

Абу Муса Ашари (ага Аллах ыраазы болсун) айтымында, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынында, Аллах Таала күндүзү күнөө кылгандардын тобосун кабыл кылуу үчүн түнү колун созот. Түндө күнөө кылгандардын тобосун кабыл кылуу үчүн күндүзү колун созот. Анын мындай ырайымы күн батыштан чыкканча уланат.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала пенделеринин тообосун кабыл кыларын айтат. Эгер пенде күндүзү күнөө кылып, кечинде күнөөсүнө тообо кылса, Аллах Таала анын тообосун кабыл кылат. Эгер түндө күнөө кылып, күндүзү күнөөсүнө тообо кылса, Аллах Таала аны кабыл кылат. Аллах Таала пендесинин тообо кылганын сүйүнүп, кабыл кылуу үчүн колун созот. Ушинтип тообонун эшиги жабылуусу бул дүйнөнүн бүткөнүнөн кабар берет, бирок тообо эшиги күн батыштан чыкканга чейин ачык турат. Күн батыштан чыкканда, тообонун эшиги жабылат.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee